**«ФинансКредитБанк КАБ» ААкда 2010-жылга карата**
**акча которуулар жана депозиттер боюнча**
**рекламалык акциянын расмий эрежелери**

**1. Акцияны уюштуруучу:**
1.1. Акцияны уюштуруучу - «ФинансКредитБанк» ААК (мындан ары – «Уюштуруучу») болуп саналат.

**2. Акцияны жүргүзүү мезгили:**
2.1. Акция, 2010-жылдын 1-январынан 2010-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил ичинде жүргүзүлөт (мындан ары – Акция мезгили).

**3. Акция жүргүзүлө турган жерлер:**
3.1. Акция жүргүзүлө турган жерлер – Уюштуруучунун Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан филиалдары жана кассалары.

**4. Акциянын багыттары:**
Акция, бүтүндөй эле банк боюнча жана банктын ар бир филиалында өзүнчө, төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:

4.1 Тез акча которуулардын эл аралык системалары боюнча которуулар (бүтүндөй эле банк боюнча жана банктын ар бир филиалында, өзүнчө);

4.2 Банкта счет ачпастан филиалдар аралык которуулар (бүтүндөй эле банк боюнча жана банктын ар бир филиалында, өзүнчө);

4.3 Банкта бекитилген стандарттык шарттарда депозиттик счетторду ачуу жана аны менен пайдалануу (ар бир филиал боюнча):

Депозиттер: «Чемпион», «Классик», «Пенсиялык»:

4.3.1 100 000,00 сомго чейинки депозиттер

4.3.2 100 000,01 сомдон 300 000,00 сомго чейинки депозиттер

4.3.3 300 000,01 сом жана андан жогору депозиттер

4.3.4 Пенсионерлердин 100 000,00 сомго чейинки депозиттери

«Балалык» депозити:

4.3.5 «Балалык депозити»

**5. Акциянын катышуучулары:**
5.1. Тез акча которуу системалары боюнча акцияларда – Акция жүрүп жаткан мезгилде Банкта пайдалануудагы тез акча которуу системалары боюнча акча каражаттарды жөнөтүү жана/же алуу жүргүзүзө турган жашы толгон жеке адамдар;
5.2. Филиалдар аралык которуулар боюнча акцияларда - Акция жүрүп жаткан мезгилде счет ачпастан филиалдар аралык которууларды жөнөтүү жүргүзө турган жашы толгон жеке адамдар;
5.3. Депозиттер боюнча акцияларда:

5.3.1 4.3.1. – 4.3.4-пункттардагы Акцияларда – Акция башталган мезгилде акцияга катыша турган депозиттик счеттордун Ээлери болуп саналган жана/же Акция жүрүп жаткан мезгилде ушундай депозиттик счетторду ачкан жашы толгон жеке адамдар;

5.3.2 4.3.5- пункттардагы Акцияларда - Акция башталган мезгилде ачылган жана/же Акция жүрүп жаткан мезгилде ачыла турган «Балалык» депозитин «Салуучу» жашы толгон жеке адам;

**6. Акцияга катышуу тартиби:**
6.1. Тез акча которуулар боюнча акцияга катышуу үчүн Акция жүрүп жаткан мезгилде Банкта пайдалануудагы тез акча которуулар системалары боюнча Катышуучу которууларды (жөнөтүү/алуу) жүргүзүү керек.
6.2. Акцияларга катышуу үчүн Акция жүрүп жаткан мезгилде счет ачпастан Катышуучу филиалдар аралык которуулар боюнча которуу жүргүзүшү керек.
6.3. Депозиттер боюнча акцияга катышуу үчүн Катышуучу:

6.3.1 Акцияга катыша турган топтоо же мөөнөттүү депозиттер боюнча банктык Келишимин түзөт, ал Акцияга катышуу үчүн негиз болуп саналат.

6.3.2 Улуттук же чет элдик валютадагы депозитке Акция жүргүзүлүп жаткан бардык жердеги пайдалануудагы стандарттык шарттарда Акция жүрүп жаткан мезгил ичинде акча каражаттарды жайгаштырат.

## 7. Акцияда упайларды эсептөө шарттары.

7.1. Тез акча которуу системалары боюнча Акцияда, которууну жөнөтүү/төлөп берүү боюнча ар бир операцияга 1 упай берилет.
7.2. Филиалдар аралык которуулар боюнча Акцияда, которууну жөнөтүү боюнча ар бир операцияга 1 упай берилет.
7.3. Депозиттер боюнча Акцияда – упайлардын жалпы суммасы, эки көрсөткүчтүн көбөйтүндүсү катары эсептелет: депозиттин негизги суммасынын жана бул сумма депозитте болгон мөөнөттүн ичиндеги орточо өлчөмдөгү калдыгы. Ага жараша, упайлардын жыйынтык суммасы эки көрсөткүчтөн тең бирдей деңгээлде көз каранды.

7.3.1 Мөөнөтү боюнча упайларды эсептөө: аманаттын 1-календардык айы = 1 упай.

7.3.2 Суммасы боюнча упайларды эсептөө: Көбөйтүндү = депозиттин орточо өлчөнгөн калдыгы* 0,01 коэффициенти

7.3.3 Упайларды эсептөө учурунда, математикалык тегеректөөнүн эрежелери боюнча алынган маанисине тегеректөө жүргүзүлөт (5 ке чейин – кичирейген жакка, 5 тен жогору (бардыгы) – чоң жакка).

***1-мисал (*чоң мөөнөт жана кичине сумма*):***
Аманаттын мөөнөтү *01.01.2010-ж. тартып 01.11.10 чейин (бардыгы 10 ай), Аманаттын суммасы = 100 сом.*
Упайларды эсептөө = *(10 ай * 1 упай) *(100 *0, 01) = 10*1=10 упай*

***2-мисал (*кичине мөөнөт жана чоң сумма*):***
Аманаттын мөөнөтү *01.01.2010-ж. 01.02.10-ж. чейин (бардыгы 1 ай),Аманаттын суммасы =1 000 сом.*
Упайларды эсептөө = *(1 ай * 1 упай) *(1 000 *0,01) = 1*10=10 упай*

**Упайлардын салыштырмалуу таблицасы:**

| **Бир ай үчүн упайлар** | **1** | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **айлар** | | | |
| **орточо өлчөмдөгү калдык** | **1** | **6** | **10** | **12** |
| 100 | 1 | 6 | 10 | 12 |
| 600 | 6 | 36 | 60 | 72 |
| 1000 | 10 | 60 | 100 | 120 |
| 5000 | 50 | 300 | 500 | 600 |
| 10000 | 100 | 600 | 1000 | 1200 |
| 30000 | 300 | 1800 | 3000 | 3600 |
| 50000 | 500 | 3000 | 5000 | 6000 |
| 100000 | 1000 | 6000 | 10000 | 12000 |
| 300000 | 3000 | 18000 | 30000 | 36000 |
| 500000 | 5000 | 30000 | 50000 | 60000 |

## 8. Акциянын сыйлыктары жана тапшыруу графиктери:

8.1. Акция жүргүзүүгө карата Жалпы Сыйлык Фонду 1 000 000,00 (Бир миллион сом) сом өлчөмүндө аныкталды;
8.2. Жыйынтыктарды чыгаруу жана жеңүүчүлөрдү аныктоо, төмөнкүдөй мезгилдерде жүргүзүлөт:
8.2.1. 2010-жылдын жыйынтыктары боюнча – 01.01.2010-ж. тартып 31.12.2010-ж. чейин (31.12.10. дагы)
8.2.2. Аралыгы – квартал сайын (3-кварталдын жыйынтыктары боюнча):

- 1-квартал - 01.01.2010-ж. тартып 31.03.2010-ж. чейин (анын ичинде 31.12.10-ж. кирет);
- 2-квартал - 01.04.2010-ж. 30.06.2010-ж. чейин (анын ичинде 30.12.10-ж. кирет);
- 3-квартал - с 01.07.2010 по 30.09.2010 (анын ичинде 30.12.10-ж. кирет);

8.3. Сыйлык фондун бөлүштүрүү, «Филиалдарга, номинацияларга жана сыйлыктарды тапшыруу мезгилдерине бөлүштүргөндөгү Сыйлык фондун бөлүштүрүүнүн» №1-таблицасына ылайык

жүргүзүлөт.

***№1-таблица.*** **ФИЛИАЛДАРГА, НОМИНАЦИЯЛАРГА ЖАНА СЫЙЛЫКТАРДЫ**

| БАНК/ФИЛИАЛ | жери | 2010-ж. жыйынтыктары боюнча (01.01.10. - 31.12.10) (сом) сыйлык | 1-кварталдын жыйынтыктары боюнча (01.01.10. - 31.12.10) (сом) сыйлык | 2-кварталдын жыйынтыктары боюнча (01.01.10. - 31.12.10) (сом) сыйлык | 3-кварталдын жыйынтыктары боюнча (01.01.10. - 31.12.10) (сом) сыйлык |
|---|---|---|---|---|---|
| **ЭЛ АРАЛЫК КОТОРУУЛАР** | | | | | |
| БҮТҮНДӨЙ БАНК | 1 | 100000,00 | | | |
| АР БИР ФИЛИАЛ ӨЗҮНЧӨ | 1 | 15000,00 | 3000,00 | 3000,00 | 3000,00 |
| | 2 | 10000,00 | | | |
| **ФИЛИАЛДАР АРАЛЫК КОТОРУУЛАР** | | | | | |
| БҮТҮНДӨЙ БАНК | 1 | 10000,00 | | | |
| | 2 | 5000,00 | | | |
| АР БИР ФИЛИАЛ ӨЗҮНЧӨ | 1 | | 2000,00 | 2000,00 | 2000,00 |
| **ДЕПОЗИТТЕР** | | | | | |
| **100 000,00 сомго чейинки депозиттер** | | | | | |
| АР БИР ЧОҢ ФИЛИАЛ ӨЗҮНЧӨ | 1 | 12500 | 1000 | 1000 | 1000 |
| АР БИР КИЧИНЕ ФИЛИАЛ ӨЗҮНЧӨ | 1 | 8000 | 1000 | 1000 | 1000 |
| **100 000,01 сомдон 300 000,00 сомго чейинки депозиттер** | | | | | |
| АР БИР ЧОҢ ФИЛИАЛ ӨЗҮНЧӨ | 1 | 14000 | 1500 | 1500 | 1500 |
| АР БИР КИЧИНЕ ФИЛИАЛ ӨЗҮНЧӨ | 1 | 10000 | 1500 | 1500 | 1500 |
| **300 000,01 сом жана андан жогору депозиттер** | | | | | |
| АР БИР ЧОҢ ФИЛИАЛ ӨЗҮНЧӨ | 1 | 16000 | 2000 | 2000 | 2000 |
| АР БИР КИЧИНЕ ФИЛИАЛ ӨЗҮНЧӨ | 1 | 12000 | 2000 | 2000 | 2000 |
| **Пенсионерлердин 100 000,00 сомго чейинки депозиттери** | | | | | |
| АР БИР ЧОҢ ФИЛИАЛ ӨЗҮНЧӨ | 1 | 12000 | 1500 | 1500 | 1500 |
| АР БИР КИЧИНЕ ФИЛИАЛ ӨЗҮНЧӨ | 1 | 10000 | 1500 | 1500 | 1500 |
| **«Балалык» депозити** | | | | | |
| АР БИР ЧОҢ ФИЛИАЛ ӨЗҮНЧӨ | 1 | 6000 | 1000 | 1000 | 1000 |
| АР БИР КИЧИНЕ ФИЛИАЛ ӨЗҮНЧӨ | 1 | 6000 | 1000 | 1000 | 1000 |

## ТАПШЫРУУ МЕЗГИЛЕРДИНЕ БӨЛҮШТҮРГӨНДӨГҮ СЫЙЛЫК ФОНДУН БӨЛҮШТҮРҮҮ

**Эскертүү*:***

- **Бүтүндөй Банк** – бүтүндөй Банк боюнча упайларды эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча
- **Ар бир филиал өзүнчө** - ар бир филиалда упайларды эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча
- **Ар бир Чоң Филиал өзүнчө** - Бишкек жана Ош Филиалдарында, ар бири өзүнчө, упайларды эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча
- **Ар бир Кичине Филиал өзүнчө** - Каракол, Нарын, Кара-Балта, Жалал-Абад, Араван, Токмак Филиалдарында, ар бири өзүнчө, упайларды эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча

## 9. Акциянын жеңүүчүлөрүн аныктоо

9.1 Акциянын жеңүүчүсү деп, Акциянын шарттарына ылайык упайларды эң көп санда чогулткан Катышуучу болуп саналат;

9.2 Эгерде, упайларды эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча упайлардын бирдей саны менен эки же андан көп Жеңүүчүлөр чыкса, сыйлык алардын ортосунда бирдей үлүштө бөлүнөт;

9.3 Бир эле катышуучу, бир эле номинациянын жыйынтыктары боюнча бир кварталдын жыйынтыгы боюнча Жеңүүчү боло албайт. Эгерде, кварталдын жыйынтыгы боюнча упайларды эсептөөнүн жыйынтыгында, мурдагы кварталдын жыйынтыктары боюнча мурда да сыйлык алган катышуучусу упайларды максималдуу санда чогултса, ошол кварталдын Жеңүүчүсү болуп, чогулткан упайлардын саны боюнча ошол катышуучудан кийинки катышуучу дайындалат;

9.4 Уюмдун Кызматкеринин Акцияга катышууга укугу жок;

9.5 Жеңүүчүлөрдү анкытоо үчүн Уюштуруучунун Комиссиясы (мындан ары - «Комиссия») түзүлөт, ал эми анын мүчөлөрүнүн курамы Банк Башкармалыгынын Чечими менен бекитилет;

9.6 Жеңүүчүлөрдү аныктоо, Банктын программалык камсыздандырууларынан алына турган отчетторунун негизинде, Акция аяктаган мезгилден кийин бир айдын ичинде жүргүзүлөт;

9.7 Комиссиянын отчетунун негизинде акциянын Жеңүүчүлөрүнүн курамы Банк Башкармалыгынын Чечими менен бекитилет;

## 10. Акциянын Жеңүүчүлөрүн аныктоонун жыйынтыктары

10.1 Акциянын жеңүүчүлөрү тууралуу маалымат, ММКда 31.01.2011-ж. чейин жарыяланат, ошондой эле жеңүүчүнүн жазуу түрүндөгү макулдугу менен Уюштуруучунун www.fkb.kg, веб – сайтында жайгаштырылат.

10.2 Уюштуруучу Акциянын жыйынтыктары тууралуу, банктык аманат Келишиминде/тез акча которуунун эл аралык системасы боюнча которууну жөнөтүүгө/алууга карата Арызында/филиалдар аралык которууну жөнөтүүгө карата Арызында же жеңүүчүлөрдү аныктагандан кийин 10 (он) жумуш күндүн ичинде (тийиштүү билдирүүнү жөнөтүү жолу менен), Акциянын Катышуучусу тарабынан банктык аманат Келишиминде/тез акча которуунун эл аралык системасы боюнча которууну жөнөтүүгө/алууга карата Арызында/филиалдар аралык которууну жөнөтүүгө карата Арызда түздөн түз көрсөтүлгөн телефон боюнча жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыктары тууралуу Уюштуруучу билдирет.

10.3 Контакттык маалыматтарды жана башка маалыматтардын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу максатында Катышуучу, банктык аманат Келишиминде/тез акча которуунун эл аралык системасы боюнча которууну жөнөтүүгө/алууга карата Арызында/филиалдар аралык которууну жөнөтүүгө карата Арызында жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды көңүл коюп текшерүүгө милдеттүү.

10.4 Контакттык маалыматтарды (контакттык телефондордун номерлерин, даректерин) берүү үчүн жана берилген маалыматтардын ишенимдүүлүгү үчүн Акциянын Катышуучусу жоопкерчиликте болот.

10.5 Туура эмес көрсөтүлгөн реквизиттер, мобилдик жана стационардык байланыш операторлорунун торундагы бардык бузулуулар, ошондой эле Жеңүүчүнү өз убагынан эрте билдирип коюга алып келе турган почта байланыш ишканасынын иши үчүн Акцияны

Уюштуруучу жоопкерчилик тартпайт.

10.6 Акцияда алган жеңиши тууралуу Жеңүүчүнү Жеңүүчүнүн өзүнүн күнөөсү боюнча билдирүүгө мүмкүн болбой калса (10.3 - 10.4, 12.1-п.п. кара), Акциянын жыйынтыктарын чыгарган мезгилден тартып 14 календардык күндүн ичинде, ушул акциянын жеңүүчүсү болуп, топтолгон упайлардын саны боюнча биринчи жеңүүчүдөн кийинки Акциянын катышуучусу дайындалат.

## 11. Сыйлыктарды алуу шарттары

11.1 Сыйлык кардарга, Банкта мурда ачылган депозиттик счетко которуу түрүндө тапшырылат. Эгерде, Жеңүүчүнүн Банкта депозиттик счету жок болсо, Банк которуу мезгилине карата, Банк тарабынан бекитилген шарттарда улуттук валютада Жеңүүчүгө 24 айга «Чемпион» депозиттик счетун ачат.

11.2 Акча каражаттарды которгон мезгилден тартып Жеңүүчү счетун башкаруу укугун алат жана түзүлгөн банктык аманат келишиминин негизинде жана анын шарттарында өзүнүн каалоосу боюнча счетун башкара алат.

11.3 Сыйлыкты алуу үчүн Акциянын Жеңүүчүсү өзү жашаган аймактагы Банктын филиалына кайрылышы керек жана идентификациялоо үчүн төмөнкү документтерди бериши керек:
- паспортун
– банктык аманат келишиминин түп нускасын (депозиттер боюнча акцияда)

11.4 Акциянын Жеңүүчүсү үчүн Башкы Сыйлыкты алуу укугу 2011-жылдын 20-февралына чейин сакталат (20-февраль күнү да кирет).

11.5 Сыйлыкты алууга байланышкан транспорт жана башка чыгымдарды Жеңүүчү өзү жүргүзөт.

11.6 Сыйлыкты алууга байланышкан салыкка карата чегерүүлөрдү Жеңүүчү өзү жүргүзөт.

## 12. Башка шарттар

12.1 Банктык аманат Келишиминде/тез акча которуунун эл аралык системасы боюнча которууну жөнөтүүгө/алууга карата Арызында/филиалдар аралык которууну жөнөтүүгө карата Арызда көрсөтүлгөн дареги же контакттык телефондун номери өзгөргөн учурда, Акциянын Катышуучусу Акция аяктаганга чейин жаңы маалыматтарды Уюмга билдирүүгө милдеттүү.

12.2 Акциянын жыйынтыктары тууралуу Уюштуруучунун Чечимдери бардык Катышуучулар үчүн акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.

12.3 Ушул Эрежелер, ошондой эле алардагы өзгөрүүлөр, www.fkb.kg сайтына жайгаштырылган мезгилден тартып иштөө күчүнө кирет.

12.4 Кошумча маалыматтарды «ФинансКредитБанк КАБ» ААКнын филиалдарынан же сактык кассаларынан алууга болот.